**Бекитемин**

**КМЮАнын ректору**
**профессор**
**К. Керезбеков**

**______________________**

**«___»________2013-ж.**

# К Ы Р Г Ы З  М А М Л Е К Е Т Т И К  Ю Р И Д И К А Л Ы К  А К А Д Е М И Я С Ы Н Ы Н  Ж Ы Й Ы Н Т Ы К Т О О Ч У  М А М Л Е К Е Т Т И К  А Т Т Е С Т А Ц И Я С Ы Н  Ө Т К Ө Р Ү Ү Н Ү Н  Т А Р Т И Б И

Бул Тартип Кыргыз Республикасынын колдонуудагы билим берүү жөнүндө мыйзамдарына, КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобосуна жана Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобосуна ылайык иштелип чыккан.

## 1. Ж Ы Й Ы Н Т Ы К Т О О Ч У  М А М Л Е К Е Т Т И К  А Т Т Е С Т А Ц И Я С Ы Н Ы Н  Т Ү Р Л Ө Р Ү  Ж А Н А  М А З М У Н У

1. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолорунун түрүнө төмөнкүлөр кирет:
- мамлекеттик сынак ( айрым дисциплина боюнча, багыттар (адистиктер) боюнча дисциплиналар аралык , квалификациялык ишти коргоо.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштер жогорку кесиптик билим берүүнүн белгилүү баскычтарына ылайык формада аткарылат:

- бакалавр академиялык даражасы үчүн - бакалаврдын бүтүрүүчү иши формасында;
- адис квалификациясы үчүн – дипломдук иш формасында (долбоор);
- магистр академиялык даражасы үчүн - магистердик диссертация формасында.

2. Айрым дисциплина боюнча жыйынтыктоочу сынак студент тарабынан ошол дисциплина боюнча окуу программасында каралган МАМ ЖКБде ылайыктуу белгиленген жана материалды өздөштүрүү деңгээлин көрсөтүүгө тийиш .

Багыт боюнча (адистик) жыйынтыктоочу дисциплиналар аралык сынак айрым дисциплинанын мазмунуна карата талаптар менен катар бүтүрүүчү кесиптик милдеттерин аткарууга теориялык жактан даярдык процессинде алган билимин колдоно билүүсүн жана МАМ ЖКБнын ушул багытында (адистигинде) каралган жалпы талаптарды эске алуу менен негизги билим берүү програмасынын мурдагыдан жогорку баскычы же жождон кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча билимин улантууга болгон даярдыгын көрсөтүүгө тийиш.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштер (мындан ары БКИ) Бүтүрүүчү квалификациялык иштерге даярдануу, тариздөө жана коргоо боюнча жобосуна жана Бакалаврдын бүтүрүүчү квалификациялык иштерге даярдануу, тариздөө жана коргоо боюнча жобосуна,

магистердик диссертацияларды тариздөө жана жол-жоболор боюнча нускамасына ылайык аткарылат.

3. Айрым дисциплиналар боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактардын программалары, багыт (адистик) боюнча жыйынтыктоочу дисциплиналар аралык сынактардын профилдик кафедралар тарабынан иштелип чыгып, КМЮАнын Окуу-методикалык кеңеши тарабынан бекитилет.

## 2. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯСЫНЫН ТҮЗҮМҮ ЖАНА ФУНКЦИЯСЫ

1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү боюнча МАКтын негизги функциялары:

- бүтүрүүчүнүн даярдык деңгээлин жана анын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайыктуулугун комплекстүү баалоо;

- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы боюнча бүтүрүүчүгө квалификация ыйгаруу жана жогорку билим жөнүндө ылайыктуу диплом берүү маселелерин чечүү;

- комиссиянын ишинин жыйынтыктарынын негизинде бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгын өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;

2. МАК өз ишинде Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө ченемдик актыларды, Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобосун жана ушул Тартипти жетекчиликке алат.

3. МАК багыт / адистик боюнча сынактык комиссиялардан турат. МАКтын жана сынактык комиссиялардын бардык чечимдери протокол аркылуу тариздселет.

4. МАКты төрага башкарат, сынактык комиссиялардын ишин уюштуруп, контролдук кылган, бүтүрүүчүлөргө коюлган талаптардын бирдейлигин камсыз кылып турат.

5. Мамлекеттик сынактык комиссиялардын курамы КР Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу, МАКтын катчылары, ошондой эле комиссиялардын иштөө мөөнөтү, мамлекеттик сынактарды өткөрүүнүн жана БКИни коргоо графиги ректордун буйругу менен бекитилет. Графиктен четтөөгө жол берилбейт.

## 3. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯСЫН ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ

1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга кесиптик программанын толук курсун бүтүргөн окуу планында каралган мурдагы аттестациялык сыноолордун бардыгын ийгиликтүү аяктаган адам ректордун буйругу менен киргизилет.

Бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоого багыт аттестациялык сыноолордун башка бардык түрүнөн ийгиликтүү өткөндөр киргизилет.

2. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоого багыт (адистик) боюнча негизги билим берүү программасынын көлөмүн толук көлөмдө өздөштүрүп, ийгиликтүү аяктаган жана жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун бардык түрүнөн ийгиликтүү өткөн студент киргизилет.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиясына иш башталардан мурда факультеттин деканаты тараптан төмөнкү документтер берилет:

1. студентти МАга киргизүү жөнүндө буйрук;
2. МАКтын курамын бекитүү жөнүндө буйрук;
3. МАКтын жүгүртмөсү;
4. МАКтын ишинин графиги;
5. студент тарабынан окуу планын жана теориялык дисциплиналар, курстук иштер, практиканын бардык түрүнөн алган баалары боюнча жыйынтыкталган ведомость;
6. квалификациялык ишке карата жетекчисинин баасы ;
7. квалификациялык ишке карата рецензия.

3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактарды тапшыруу жана бүтүрүүчү квалификациялык иштерди коргоо анын үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес курамынын катышуусу менен МАКтын отурумдарында жүргүзүлөт.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилген аттестациялык сыноолордун кайсы түрүнүн жыйынтыгы болбосун “эң жакшы”, “жакшы”, “канааттандырарлык” деген баалар менен белгиленет, аттестациядан кийин ошол эле күнү жарыяланат жана белгиленген үлгүдө аттестациялык комиссиянын отурумунун протоколу менен таризделет.

4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынак оозеки, жазуу түрүндө, ошондой эле компьютердик тестирлөө түрүндө жүргүзүлүшү мүмкүн.

5. Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакты багыт /адистик боюнча оозеки түрүндө өткөрүүдө студенттер сынактын бекитилген программасы менен түзүлгөн үч-төрт суроодон турган сынак билеттерин алышат.

6. Сынак билеттерине кафедра башчысынын колу коюлуп, конвертке чапталат, КМЮАнын билим берүү ишин пландоо, мониторинг жүргүзүү жана инновациялар бөлүмүнүн мөөрү менен бекемделет. Сынак өткөрүлгөн күнү сынак суроолору бар конверт комиссиянын төрагасы тарабынан ачылат.

7. Студенттер оозеки түрүндө жооп берүүгө даярданганда сынак комиссиясынын катчысы тарабынан берилген факульттетин штампы коюлган баракка ар бир суроо боюнча жазышат. Студентке даярданыш үчүн 30 минуттан кем эмес убакыт берилет. Жооп берип жатканда, же андан кийин сынак комиссиясынын мүчөлөрүнө, төраганын уруксаты менен жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын программасынын чегинде даярдоо багыты (адистиги) боюнча тактоочу жана кошумча суроолор берилиши мүмкүн.

8. Студент бардык суроолорго жооп берип бүткөндөн жана сынак комиссиясынын төрагасы сынак берүүчүнү суроо бүттү деп жарыялагандан кийин сынак комиссиясынын мүчөлөрү сынак берүүчүнүн ар бир суроо боюнча жооптору үчүн бааларын жана алдын ала жыйынтыктоочу бааны өз жазууларында белгилешет.

9. Мамлекеттик сынактарды жазуу түрүндө бергенде студенттер сынак тапшырмаларынын жоопторун кол менен же компьютерге жазышат.

Компьютердик техника жана жоопторду аткаруу (басып чыгаруу) үчүн берилген факультеттин мөөрү же штампы басылган кагаз факультет тарабынан гана берилет. Көчүрүү үчүн жазылган (черновик) жооп акыркы варианты менен кошо тапшырылат; черновик барагы “черновик” деген сөз менен барактын жогору жагына дааналап жазылып коюлат.

10. Студент белгиленген жүгүртмө боюнча сынак башталганда сынак комиссиясынын мүчөлөрүнө келип, өздүгүн тастыктаган документин көрсөтүп, жооп берүү үчүн кагаз алып комиссия мүчөлөрүнүн көрсөтүүсү менен аудиториядан орун ээлөөгө милдеттүү. Бардык студенттер сынактын башталышына даярдангандан кийин, комиссиянын төрагасы (орун басары) сынак тапшырмаларынын варианттары менен билетти тандайт. Сынак тапшырмалары

комиссия мүчөлөрү тарабынан жарыяланат, андан кийин ал доскага жазылышы же кагазга басылып чыгарылып, же экранга чыгарылып же жазуу жүзүндө берилиши мүмкүн. Студенттер сынак тапшырмаларын туюндуруу жана сынак жүргүзүүнүн жол-жоболору боюнча суроо берүүгө укукктары бар.

11. Ар бир тапшырманы аткаруу үчүн берилүүчү убакыт мамлекеттик сынактын программасы менен аныкталат. Бөлүнгөн убакыт бүткөндөн кийин бардык студенттер аткарган иштерин дароо тапшырууга милдеттүү. Убагында ишин аткарбаган студентке ошол тапшырма үчүн «канааттандырарлык эмес» деген баа коюлат.

Ар бир тапшарманы бүткөндөн кийин 20 минуттан кем эмес танапис жарыяланат. ар бир танапистен кийин тапшырмалардын варианттарын аныктоо жол-жоболору 10 п. кайталанат.

12. Мамлекеттик сынактагы сынактык тапшырмалардын саны 2ден 4кө чейин болушу керек. Жооптун варианттарынын конкреттүү санын белгилөө жана аларды студенттерге бөлүштүрүү сынак комиссиясынын төрагасынын компетенциясына кирет. Эгерде мамлекеттик сынак бир нече аудиторияларда өтүп жатса, анда варианттарды аныктоо бир аудиторияда гана жүргүзүлөт; ошол эле варианттар башка аудиторияда сынак тапшырып жаткандарга да тиешелүү болот.

13. Мамлекеттик сынактын башталышына кечиккен студент сынак комиссиясынын төрагасынын уруксаты боюнча гана сынак тапшыра алат.

Кечиккендиги жөнүндө студенттин жазма ишинин титулдук барагына белги коюлат. Кечиккени үчүн сынак убактысы узартылбайт.

14. Мамлекеттик сынакты жазуу түрүндө тапшырып жаткан учурда, жооптун бүткөн вариантын сынак алуучуга тапшыргандан кийин гана студенттин тышка чыгуусуна жол берилет. Сынак тапшырмалары менен таанышкан студент аудиториядан чыккандан кийин аудиторияга кечиккен студентти киргизүүгө жана сынак алууга тыюу салынат.

15. Шпаргалка колдонуу же мамлекеттик сынак жүргүзүүнүн башка эрежелерин бузгандыгы үчүн (мисалы, сүйлөшүү, байланыш каражаттарын колдонуу) студент сынактан четтетилет, тартип бузуу аныкталганда, аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү тарабынан ал боюнча өзгөчө акт түзүлөт.

Студентке түшүнүк кат жаздырылат. Тартип бузгандык жөнүндө акт жазылбаган учурда атайын жазылып коюлат. Сынак жүргүзүүнүн тартибин бузган студентке «канааттандырарлык эмес» деген баа коюлат, бул мамлекеттик сынак комиссиясынын отурумунда өзүнчө протокол менен тариздэлет.

16. МСКда компьютердик тестирлөөнү өткөрүү регламентине жана Мамлекеттик аттестацияны компьютердик тестирлөө түрүндө өткөрүү боюнча 2012-жылы 22-майдагы ректор бекиткен нускамага ылайык жүргүзүлөт.

17. Мамлекеттик сынак өткөрүү учурунда студенттер өз алдынча иштөөгө тийиш. Студенттер сынактын программасын пайдалана алышат. Сынактын жүрүшүндө колдонууга уруксат берилген башка буюмдар жана техникалык каражаттардын тизмеси программа менен белгиленет.

18. Багыт/адистик боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик сынак үчүн жыйынтыктоочу баа студентке билдирилет, сынактын протоколуна сынак китепчеге толтурулуп, сынак комиссиянын төрагасынын жана мүчөлөрүнүн колу коюлат. Сынактын протоколунда жүргүзүлүп жаткан предмет боюнча сынак билетинин номуру жана суроолору киргизилет.

19. Багыт/адистик боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын протоколуна МАКтын төрагасынын же анын орун басарынын колу менен өзүнчө папкага көктөлүп, академиянын архивинде сакталат.

20. Мамлекеттик сынакта «канааттандырарлык эмес» баа алган студенттер, башка мамлекеттик сынактарды тапшырууга укуктуу, бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоого киргизилбейт.

21. Бүтүрүүчү квалификациялык иш автор тарабынан профилдик кафедрага коргоого 10 күн калганга чейин тапшырышы керек. Иштин басма текстинин ар бир нускасынын титулдук барагында автордун жана илимий жетекчисинин колу, ошондой эле ишти тапшырган убактысын көрсөтүү менен кафедра башчысынын визасы коюлат. Белгиленген мөөнөттө кафедрага тапшырылбаган бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоого киргизилбейт, бул боюнча профилдик кафедранын отурумунда жазылат.

22. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоого 30 минут убакыт бөлүнөт (мунун ичинде бүтүрүүчүнүн баяндамасына 10 минутка чейин).

23. МАК бүтүрүүчүгө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыктары боюнча жакшы натыйжалардын негизинде сынак комиссиясынын протоколу менен таризделген квалификацияны (даражаны) багыт (адистик) ыйгарууга жана жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүүгө чечим кабыд алат.

24. Мамлекеттик сынак комиссиясынын чечими жабык отурумдарда отурумга катышкан комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу жана сөзсүз түрдө комиссия төрагасынын жана анын орун басарынын катыщуусу менен кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калган учурда, төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

25.Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга кирген аттестациялык сынактардын кайсы гана түрү болбосун «эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык» деген баалар менен белгиленет жана комиссиянын отурумунун протоколу менен аныкталган тартипте таризделип ошол эле күнү жарыяланат.

26. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга жүйөөлүү себептер менен келбей калган студент МАКтын төрагасынын атына арыз жазып, жүйөөлүү себептерди тастыктаган документти тиркейт, төраганын уруксаты менен МАКтын башка күнкү отурумунда сынак тапшырат же дипломдук ишин коргойт.

27. Канааттандырарлык эмес баа алгандан кийин ден-соолугунун абалы жөнүндө МАКка көрсөтүлгөн документтер каралбайт.

28. Жакшы баа алуу (баасын жогорулатуу) максатында экинчи жолу мамлекеттик сынак тапшырууга же дипломдук ишти (долбоорун) коргоого жол берилбейт.

29. «Канааттандырарлык» эмес деген баа алган бүтүрүүчүгө мамлекеттик сынак кайра тапшырууга же дипломдук ишти (долбоорун) кайра коргоого жыйынтыктоочу аттестациянын ушул мөөнөтүндө уруксат берилбейт.